**Эки тараптуу келишим**
**(мектеп, ата-эне (мыйзамдуу өкүл))**

**Кара-Тоо айылы** «9» сентябрь 2022-ж.

Бул келишим мектеп, ушул мектепте окуган окуучу жана окуучунун ата-энеси менен болгон мамиленин негизинде түзүлдү. Уставдын негизинде иш алып барган муниципалдык бюджеттик билим берүү мекемеси Нарын облусунун Кочкор районундагы **Ш. Абдылдаев атындагы мектептин директору Т. Исаев** бир тарап (кийин «мектеп» деп аталышында) жана Рачиев Р. Чолпонбек к А

(«ата-эне» деп аталышып) экинчи тарап 1-11 класстын окуучулары боюнча төмөнкүдөй келишим түзүшөт.

***5.2.*** Администрациянын иш аракетине мугалимдин, класс жетекчинин чечимдерине макул болбосо билим берүү мекемесинин комиссиясына кайрылууга. 2

6. Окуучунун милдети 2

2.Тараптардын милдеттери

2.1. «Мектептин» милдеттери
2.1.1 «Ата -энени» (мыйзамдуу өкүлдү) мектептин Уставы, ички тартиби жана мектепте өзүн алып жүрүү эрежелери менен тааныштырат.
**2.1.2.** Балдар эмгегин коргоо жана коопсуздук эрежелерин нормаларын көзөмөлдөйт.
**2.1.3.** Окуу тартибин үйрөтүүдө билим-берүүнүн мазмунун мамлекеттик стандартка ылайык камсыз кылат.
**2.1.4.** Баардык окуучуларга бирдей педагогикалык талаптарды коюуну жөнгө салат.
**2.1.5.** «Ата-эне» менен байланышта болуп, ага окуучунун жетишкендиктери, сабакка катышы жана тартиби жөнүндө маалыматты дайыма берип турат.
**2.1.6.** Мыйзамга ылайык аз камсыз болгон окуучуларга мүмкүнчүлүгүнө жараша (керектүү документтер тапшырылган убакта) социалдык жардам көрсөтөт.

3. Мектептин укуктары

**3.1.** Мектептин өнүгүү программасын, агартуу ишинин мазмунун, формасын, методун аныктоого, окуу планын коррекциялоого, окуу программасын, ийримдерди, китептерди тандоого.
**3.2.** Билим берүү мекемесинин Уставына ылайык мектептин жумуш тартибин сактоого (сабактардын жүгүртмөсүн, смендерин, окуу жумалыгынын мөөнөтүн ж.б.) бекитүүгө.
**3.3.** Акы төлөнүүчү кошумча кызмат көрсөтүүдө ата-эне төлөөчү акыны (базалык окуу планынан тышкарысына) коюуга.
**3.4.** Саламаттыкты сактоо мекемелери менен кызматташуу жөнүндөгү келишимдин негизинде, врач нарколог жана башка адистердин жардамы менен окуучуларды убак-убагы менен медициналык көзөмөлдөн өткөрүп турууга.
**3.5.** Окуучуну өзүнүн жана ата-энесинин макулдугу менен билим берүү программасында каралбаган коомдук- пайдалуу иштерге тартууга, мектеп айланасында жана ага тиешелүү территорияларда ишембилик жасатууга (жалбырак, чөп-чарларды чогултуп, таштандыларды чыгаруу) класстар боюнча күзөт мөөнөтүндө тазалатууга (имаратты жууп тазалатуу, панель, терезелерди жуудурууга).
**3.6.** Окуучуларды жайкы эмгек практикасын өтүүгө тартууга (мектеп айланасын жакшыртуу. Көмөкчү чарбада иштетүү, мектеп имаратынын ремонт ж.б. иштер кирет. 5-кл.- 12 күн, 7-8-10-кл.-15 күндөн)

4. Ата-эненин милдеттери

***4.1.*** Билим берүү мекемесинин Уставындагы өзүнө тиешелүү укук жана милдеттерин аткарууга, баланын таалим-тарбия алуусунда керектүү шарттарды түзүп берүү милдетин алат.
***4.2.*** Өз баласын тарбиялайт, физикалык жактан өсүшүнө кам көрөт, окутат жана коомдук иштерге даярдайт.
***4.3.*** Мектептин пайдалуу иштерине катышып, анын өнүгүшүнө көмөк көрсөтөт.
***4.4.*** Окуучуга эмгекти, окууну, мугалимдер жамаатын сыйлоого, тартиптүү, сылык болууга үйрөтөт.

**4.5.** Окуучунун жетишкендиктерин, күндөлүгүнүн абалын, катышын дайыма көзөмөлдөөгө милдетүү.
**4.6.** Окуучунун күнөөсү менен талкаланган же жоголгон мектеп мүлкүн төлөп берет.
**4.7.** Окуучунун күн тартибинин жана өздүк гигиена эрежелеринин сакталышын камсыз кылат.
**4.8.** Чейрек сайын 1 жолу ата-энелер чогулушуна катышат, мектеп боюнча жалпы ата-энелер чогулушуна да катышат.
**4.9.** Сабактан кийин жана сабакка келе электе тартип бузгандыгы үчүн толугу менен жооп берет.
**4.10.** Окуучуга сабак жүрүп жатканда мектепке чөнтөк телефон алып келүүсүнө тыюу салат.
**4.11.** Уставдын, ички тартип эрежелеринин жана окуу процессинин талаптарын бузганда окуучу менен биргеликте жоопкерчиликти тартат.

## 5. Ата - эненин укугу

**5.1.** Мектеп башкаруусуна катышууга, б.а. мектеп кеңешинде тандоого жана тандалууга, жалпы мектептик жана класстык ата-энелер чогулушуна катышууга жана өзүнүн оюн билдирүүгө .
**5.2.** Администрациянын иш аракетине мугалимдин, класс жетекчинин чечимдерине макул болбосо билим берүү мекемесинин комиссиясына кайрылууга.
**5.3.** Агартуу процессине жана кошумча кызматына тиешелүү өзгөрүүлөр боюнча сунушун киргизүүгө.
**5.4.** Окуучунун оорусу жөнүндө же келбей тургандыгы жөнүндө маалыматты өз убагында билдирүүгө.
**5.5.** Мектептин өнүгүшү үчүн өз каалоосу менен демөөрчүлүк кылуу жана мүчөлүк акы берүүгө.

## 6. Окуучунун милдети

**6.1.** Мектептин Уставын аткарууга, 18 жашка чейин негизги жана орто билимди алууга.
**6.2.** Мектеп мүлкүнө аяр мамиле жасоого, окуучунун күнөөсү менен талкаланса толугу менен төлөөгө.
**6.3.** Башка окуучулардын жана мектеп кызматкерлеринин укуктарын, ар-намысын сыйлоого.
**6.4.** Тартиптүү болууга, мектепте тартипти сактоого.
**6.5.** Билим алууда активдүү болууга, окуу тартибин сактоого.
**6.6.** Коомдук жайларда жана мектепте өзүн маданиятуу алып жүрүүгө.
**6.7.** Окуу учурунда мектеп формасын кийип келүүгө жана дайыма таза, чынчыл болууга.
**6.8.** Мектепте жана мектептен тышкары учурларда тамеки чекпөөгө, алкоголдук ичимдик жана наркотикалык заттарды колонбоогоо.
**6.9.** Окуу процессии жүрүп жатканда мектепке чөнтөк телефон алып келбөө.
**6.10.** Эмгек практикасын өтөөгө . 5-6-кл-12 күн, 7-8-10-11- кл-15 күндөн.

Тараптардын бири келишимди аткарбаган учурда кызыктар тарап мөөнөтүнөн мурун келишимди бузууга укуктуу. Келишим эки тарап кол койгон күндөн күчүнө кирет.

## 7. Тараптандын жоопкерчилиги

7.1. Мектеп, анын ичинде мектептин администрациясы (директор), класс жетекчи, мугалимдер окуучунун окуу учурунан тышкары убакытта Кыргыз Республикасынын аракеттеги мыйзамдарын бузгандыгы үчүн жоопкерчилик тартышпайт.
7.2. Мектеп, анын ичинде мектептин администрациясы (директор), класс жетекчи, мугалимдер окуучу кабыл болгон кырсыктар үчүн алардын күнөсү жок болгон учурда жана окуу учурунан тышкары убакытта окуучу менен болгон кырсыктар үчүн жооп беришпейт.
7.3. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын окуучу бузган учурда ата-эне административдик жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка жоопкерчиликти тартышат.

Тараптардын реквизиттери:

| «Мектеп» | «Ата - эне»» |
|---|---|
| Директор ________ Исаев Т.У. | Атасы (мыйзамдуу өкүл): Кочиев Э. |
| | тел: 0709 52 5-7-37 |
| Кл. жетекчиси ________________ | Апасы(мыйзамдуу өкүл): Насипбек к. Н |
| | тел: 0706 15 82 38. |